УДК 37:378

Орхан Инанды
*Эл аралык «Себат» билим берүү мекемелеринин президенти*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК ЛИЦЕЙЛЕРИНДЕ ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУДА ОКУТУУНУН КЭЭ БИР ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН ПАЙДАЛАНУУ

Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин максаты – Кыргызстандын билим берүү системасын дүйнөлүк деңгээлге көтөрүп чыгуу, баланы инсан кылып жетилдирүү жана билим берүүдө жаңы технологияларды кеңири пайдалануу. Бул жогоруда көрсөтүлгөн максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында «Себат» эл аралык билим берүү мекемесинин 14 лицейи, алардын ичине тогуз эркек жана беш кыздар лицейлери, «Ататүрк-Алатоо» эл аралык университети, «Silk Road» эл аралык мектеби, «Секом» тилдерди үйрөнүү жана компьютердик сабаттуулук борбору окуу–тарбия иштерин жеке инсандын кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүүдө. Бүгүнкү күндө окутуу процессинин эффективдүүлүгү информациялык технологияларды пайдалануу деңгээлине байланыштуу. Анткени информациялык технологияны пайдалануу окуучулардын сынчыл ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, жалпы билим берүүнүн мазмунуна сырткы информацияны кошууга, аны системалуу түрдө предметтик билим, билгичтигинин калыптануусуна, ошону менен бирге өз алдынча ар кандай маалыматтарды издеп табууга, даярдоого, жөнөтүүгө шарт түзөт. Маалыматтык билим берүү мейкиндигине багыт берүүнүн мазмуну өз элинин жана башка элдердин маданиятын, нравалык, экологиялык, укуктук, руханий маданиятка бирдиктүү илимий көз караштарынын калыптануусуна өзгөчө көңүл бурулат. Окуу процесси англис тилинде физикалык-математикалык жана химиялык-биологиялык профилде ишке ашырылат. Жогоруда белгиленген багыттардын окуу программалары Кыргыз билим берүү академиясынын адистеринин эксперттик каросун өтүп, Окумуштуу кеңештин чыгарган чечиминин негизинде окутулат.

Кыргыз-түрк лицейлериндеги окутуу ыкмаларынын артыкчылыктарынын бири маалымат технологиясын пайдаланууда. Бардык лицейлер дүйнөлүк интернет байланыш системасына кошулган. Физика, математика, биология, химия, англис тил предметтери боюнча программага ылайыктуу CD-ROM, дисктер, видео-аудиокассеталар менен камсыз болгон. Маалыматтык технологияларды колдонуп, предметтик мазмунду тереңдетип окутуу окуучулардын сынчыл ойломдорун кеңейтип, жаңы идеяларды башка өңүттө карап, ал маалыматтардын баалуулугун аңдоого, бүтүмдөрдү чыгарууга түрткү берет. Сынчыл ойлом деген эмне? Сынчыл ойлом – бул адам ойломунун таянычы, идеялар менен маалыматтардын өз ара аракеттеринин табигый жолу. Ойлоо – бул окууга, жазууга, сүйлөөгө жана угууга окшогон, бирок чыныгы нерселер жөнүндө ойлоону камтыган активдүү, координацияланган комплекстүү процесс. Демек, окутуу процессинде сынчыл ойлогонго үйрөтүү методдорун кеңири пайдалануу зарылдыгы келип чыгат. Анткени окуу менен ойлонуу ыкмаларын изилдөө жыйынтыктары төмөндөгүдөй натыйжаларды берүүдө:

1. Жаңы жагдайларга колдонууга боло турган натыйжалуу үзгүлтүксүз окуу негизинен биз өздөштүрө ала турган маалыматтар менен идеяларды түшүнүү жана синтездей алганда, жакшы натыйжаларга жетише алат

2. Эгерде ойлонуу өнүктүргөн ар түрдүү стратегиялар колдонулса, анда окуу процесси ийгиликтүү жүрөт. Мындай стратегиялар окуу процессине аң-сезимдүү мүнөз берет.
3. Окуучулар жаңы билимдерин конкреттүү маселелерге колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон учурда окуу жана сынчыл ойлом өнүгөт
4. Билим окуучулардын мурунку билгенине, алардын тажрыйбасына таянганда гана эстен чыккыс болуп бекемделет. Мунун баары окуучулардын мурунку билгендерин

жаңы маалыматка жалгаштырып алышына мүмкүнчүлүк берет

5. Мугалимдер идеялар менен тажрыйбанын ар түрдүүлүгүн түшүнүп баалай билгенде гана сынчыл ойлом менен окуу ишке ашат.

Сынчыл ойломдун өнүгүшү үчүн төмөндөгүдөй шарттарды түзүү керек:

1. Сынчыл ойломдун тажрыйбасы топтолушу үчүн окуучуларга убакыт жана мүмкүнчүлүк берүү;
2. Окуучуларга ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берүү;
3. Ар түрдүү идеялар менен ой пикирлерди кабыл алуу;
4. Окуучулардын окуу процессинде активдүү болушуна өбөлгө түзүү;
5. Окуучулардын ой-пикири колдоого алынарына ынандыруу;
6. Ар бир окуучу сынчыл ой жүгүрткөнгө жөндөмдүү деген ишенимди билдирүү;

Мында окуучулар:

1. Өзүнө ишенип, өзүнүн ою менен идеяларынын баркын түшүнүүгө жетишет;
2. Окуу процессинде активдүү катышат;
3. Кандай ой айтылса да, ойлоо менен талдоого жетишет;
4. Өз ой жүгүртүүсүн формулировкалаганга, ошондой эле андан өзүн кармаганга даяр болот;
5. Билим алууга умтулуу ички муктаждыктардын негизине айланат;
6. Окутуучу жана окуучу окуу прцессинин оң натыйжалары үчүн жоопкерчилиги өсөт;
7. Ар бир окуучу өз максаттарын так аныкташат жана окутууну баалоонун процессинде билимдериндеги өксүктөрдү табышат, анын чечүүнүн жолдорун издешет.

Эгерде жогорудагыдай белгилерге окуу процессинде жетише алсак, анда ийгиликтин критерийи да башкача болуп, мугалимди баалоочу эле катары карабастан, окутуунун кызыкчылыктары жана муктаждыктары такталган жааттардагы жаңы билимдердин жана маалыматтардын булагы катары карап калышат. Мындан сырткары, бул системада мугалимдин ролу, окуучуларга билгендеринин жана билүүнү каалагандыгынын ортосундагы ажырымды жоюуга жардам берип, алардын суроолоруна жооп берип жана жаңы билимдерге болгон муктаждыктарын канааттандырууда турат. Мугалим менен окуучунун өз ара мамилеси эркин болуп калат, окутуу процессинин катышуучуларына дүйнөнү көп кырдуу кароого мүмкүнчүлүк берет. Мазмундун өзү менен таанышуу экинчи планга сүрүлөт, да алдыңкы орунга анын таанып-билүү процесси чыгат.

Окуучуларды сынчыл ойломго багыттоо, окутуу процессине даярдоонун дагы бир механизмдеринин бири – бул маалыматтарды логиканын жана жеке психологиялык мамиленин позициясынан анализдөө, алынган натыйжаларды стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда, маселелерде жана проблемаларда колдонуу жөндөмдүүлүгү жана жаңы идеяларга ачыктык бул процесс үчүн мүнөздүү.

Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесине караштуу кыргыз-түрк лицейлеринин педагогдорунун окуучулардын ишмердигин баалоо үчүн баллдык-критерийлик ыкмалар менен эле катар, рейтингдик ыкмалар улам көбүрөөк колдонулууда. Окуучунун билиминин мындай бааланышы окутуунун белгиленген милдеттерин натыйжалуу жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Рейтингдик система окутуунун блоктук методикасын колдонуунун, башкача айтканда, сабак жана анын бардык этаптары эмес, тема, бөлүмдөр боюнча колдонууну сунуш кылат. Блокту төмөндөгүдөй сабактарга бөлүүгө болот:

1. Киришүү сабагы. Анда алдыда үйрөнүлүүгө тийиш болгон окуялар тууралуу алгачкы маалыматтар, үйрөнүлүп жаткан маселелер боюнча (түрдүү көз караштагы) дискуссиянын обзору берилет. Сабактын максаты – окуучуларды кызыктыруу, жеткиликтүү булактарды көрсөтүү, тема боюнча докладдарды, рефераттарды сунуш кылуу
2. Милдеттүү минимумду үйрөнүү сабагы
3. Интенсивдүү машыгуулар сабагы. Бул сабактар өнүктүрүүлүчү билимдердин көз карашынан алганда өзгөчө мааниге ээ болот. Анда үйрөнүлүп жаткан материал талданат, проблемалык талкуу болот.
4. Жыйынтыктоо текшерүү сабагы – тема боюнча суроолордун жардамы менен,

окуп-үйрөнүүнүн алдында пландаштырылган тестирлөө.

Блоктук методиканы жана окутуунун активдүү формаларын айкалыштыруу (ансыз рейтингдик системаны элестетүү мүмкүн эмес) тема боюнча зарыл маалыматтарды ар бир окуучуга – эң күчтүүсүнөн чабалына чейин жеткирип, алардын ишенимин арттырууга мүмкүнчүлүк берет. Билимдерди баалоонун рейтингдик системасы жаңылык деле эмес. Ал небактан бери эле батыштын жогорку окуу жайларында ийгиликтүү колдонулууда. Ошондой эле, бул системаны көп өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларында атайын предметтер боюнча билимдерди баалоо үчүн багытталат. Бул блоктук системаны колдонуу эмнени берет? деген суроого төмөндөгүдөй жооп берсе болот:

1. Бул система окуучулардын күндөлүк жетишүүсүн эсепке алат, ошондуктан, алардын ишин кыйла активдештирет

2. Баалоонун баллдык шкаласы окуучулардын билимин кыйла объективдүү жана так баалоого мүмкүнчүлүк берип, иш жүзүндө мугалим тарабынан болуучу субъективдүүлүккө жол бербейт

3. Эң негизгиси – рейтингдик система сабакта окуучулар менен иштөөнүн формаларын жана методдорун кыйла кеңейтүүнү болжолдойт, ал аны өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун кыйла жогорулатат.

Кыргыз-түрк лицейлеринде баалоонун рейтингдик системасы деп аталган 100 баллдык шкала колдонулат. Ал боюнча семестр ичиндеги бардык иштер үч топко бириктирилген, алардын ар бири максималдуу 100 балл менен бааланат: 1 – чектик контроль; 2- контролдук өз алдынча иш; 3 – практикалык сабак. Жыйынтык бааны коюуда топтолгон баллдар чогултулуп, жалпы саны үчкө бөлүнөт. Топтолгон орточо балл төмөнкү схема боюнча беш баллдык системага которулат: 90–100 баллга – «5»; 80-90 баллга – «4»; 70-80 – баллга «3»; 60-70 баллга - «2».

Чектик контроль – бул жарым жыл ичинде жүргүзүлүүчү түрдүү тесттер. Тестирлөө - оозеки жоопсуз эле окуучулардын эң ар кыл билимдерин текшерүүнүн кыйла оптималдуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт. Мындан тышкары материалдын деңгээлин текшерүү үчүн тесттер да практикаланат. Ал төрт деңгээл боюнча жүргүзүлөт. Аны тарых предметинин мисалында карап көрөлү.

*1 - деңгээлдеги тесттин түрлөрү* окуучулардын төмөндөгү таанып-билүү ишмердүүлүгүн текшерүүгө багытталышы зарыл. Алар: 1) таанып билүүгө; 2) айырмалоого; 3) хронологияны эстеп калууга; 4) мейкиндикти элестетүүгө; 5) баалоо пикирлерин калыптандырууга.

*2 - деңгээлдеги тесттер эсте тутуп калуусуна жана аны кайрадан айтып берүүсүнө багытталган*. Мисалы, демократия деген эмне?

*3 - деңгээлдеги тесттер билимдерди стандарттуу эмес кырдаалда колдонуусун*, кайрадан жаратуусун, талдоосунун калыптануу деңгээлин текшерүүгө багытталган. Мисалы, «Кыргызстан граждандык согуш жылдарында» деген проблема боюнча тезисттик план түзүү. Бул планды түзүүдө «граждандык согуш», «басмачылык», «кызыл гвардиячылар» деген түшүнүктөрдү пайдалангыла.

*4 - деңгээлдеги тесттер проблеманы чечүүгө же проблемалык тест деп аталат.* Проблемаларды чечүүнун жолдору белгисиз, анын даяр эталону жок. Мисалы, Гитлердин жана Сталиндин биографиясын салыштыргыла, алардын айырмачылыгы эмнеде, себептери кайсылар?

Контролдоочу өз алдынча иш, бул – биринчи кезекте, өз алдынча жазуу иши. Окуучуларга берилген 15-20 проблемалык суроонун ичинен үчтү тандап, аларга жазуу жүзүндөгү кеңири жооп берилет. Мындай иштин көлөмү 5-8 беттен ашпоого тийиш. Бул иш бир кыйла акыл эмгегин талап кылат. Анткени ал проблемага карата түрдүү көз караштарды талдоону жана ага карата өз позициясын аргументтүү баяндоону болжолдойт. Проблемалык суроолорго төмөндөгүдөй мисалдарды келтирсек болот: 1) Кыргыздар тууралуу ырдын саптарына тарыхый комментарий бергиле:

Кайың барбы кыргыз эли чаппаган,
Кырлар барбы кыргыз сөөгү жатпаган?

2) Сенин пикириң боюнча 6,7,8,9, 20,21 - кылымдардагы же андан кийинки мезгилдердеги окуяларга таасир эткен Кыргызстан тарыхындагы бир-эки окуяны айтып бер ж.б.

Мындан сырткары, азыркы учурда лицейлер үчүн кыйла алгылыктуу инновациялык педагогикалык идеялар катары инсанды өнүктүрүү, билим берүүнүн вариативдүү мазмуну, дифференциялашкан профилдик, адаптивдик окутуу сыяктуу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө өбөлгө түзүүчү педагогикалык технологиялар колдонуп жаткандыгын эске салып кетсе болот.

Биз бул бир илимий макаланын чегинде Кыргызстандагы Эл аралык «Себат» лицейлеринин окуу процессинде ишке ашырылып жаткан кээ бир гана окутуунун ыкмаларына токтолдук. Анткени бир макаланын чегинде көптөгөн алгылыктуу иштерди камтууга мүмкүн эмес жана макалада көрсөтүлгөн проблемалар дагы мындан ары улануучу илимий эмгектерде чагылдырылмакчы.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Шагать в ногу со временем: новые приоритеты педагогической науки Кыргызстана // Кутбилим, 1996, ноябрь.
2. Бекбоев И.Б. Национальный образовательный стандарт // Новая школа, 1996, № 3.-С. 5-9.
3. Билген Н. Заманбап жана демократиялуу билим берүү. Окуу жана кредит практикасы. УБМ. -Анкара, 1994.
4. Өзакпынар И. Улуттук билим берүү максаты жана мугалимдик инсан. //Педагогика факультетинин журналы, 1988. № 2.